**«Бекитилди»**
**Кыргыз Республикасынын**
**Адвокатурасынын адвокаттарынын**
**кезектеги төртүнчү Съездинин**
**2025-жылдын 17-майындагы**
**чечими менен**
**Адвокаттар Кеңешинин төрайымы**

**М. А. Бегилерова**

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы жөнүндө жобо**

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасыны Адвокатурасынын Уставына, Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кесиптик этика кодексине негизделген. Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Съезди тарабынан бекитилет.

**§ 1. Жалпы жоболор**

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясы (мындан ары – Этика боюнча комиссия) Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын (мындан ары – Адвокатура) адвокаттардын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам), Адвокатуранын Уставынын (мындан ары – Устав), Адвокаттардын кесиптик этика кодексинин (мындан ары – Кодекс), Адвокаттар кеңешинин чечимдеринин, Адвокатуранын филиалы (аймактык адвокатура) жөнүндө жобосунун жана башка жоболорунун (ички актыларынын) талаптарын бузуусу жөнүндө физикалык жана/же юридикалык жактардын даттануularын жана арыздарын, укук коргоо органдарынын токтомдорун (сунуштамаларын), соттордун жана мамлекеттик органдардын жеке аныктамаларын же кайрылууларын, Адвокатуранын аймактык адвокатураларынын, Адвокатуранын Адвокаттар кеңешинин (мындан ары – Адвокаттар кеңеши) чечимдерин (мындан ары – Кайрылуулар) кароо боюнча көз карандысыз коллегиалдык органы болуп саналат.

Сканировано с CamScanner

2. Этика боюнча комиссия үч жылдык мөөнөткө жети (7) мүчөдөн: Адвокатуранын беш (5) өкүлүнөн жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин эки (2) өкүлүнөн түзүлөт.

Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Этика боюнча комиссиянын жаңы курамы шайланганга чейин сакталат. Мында адвокат – Комиссиянын мүчөсү беш жылдан кем эмес адвокаттык иштин стажысына ээ болууга жана мамлекеттик жана расмий тилдерди билүүгө тийиш.

Бир эле адам этика боюнча комиссиянын мүчөсү катары эки мөөнөттөн ашык катары менен шайлана албайт.

3. Этика боюнча комиссия:

1) Кайрылууларды кароону жана чечүүнү уюштурат;

2) адвокатты ага карата келип түшкөн Кайрылуулар жана ага тиркелген документтер менен тааныштырууга, андан жазуу жүзүндөгү түшүнүк катты алууга, адвокаттар жана Кайрылууну берген жактар тарабынан келтирилген факт жүзүндөгү маалыматтарды жана далилдерди текшерүүгө карата чараларды көрөт (анын ичинде факсимилелик, электрондук, башка байланыш аркылуу же болбосо алардын ишенчиликтүүлүгүн аныктоого жол берген башка ык менен);

3) бардык мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, соттордон, укук коргоо органдарынан, юридикалык жана жарандык жактардан тартиптик ишти объективдүү кароо үчүн зарыл болгон кошумча маалыматтарды жана документтерди суроо-талап кылат жана алат;

4) тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө же козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат;

5) тартиптик өндүрүштү кароонун натыйжалары боюнча негизделген чечим кабыл алат;

6) Этика боюнча комиссиянын ишмердүүлүгү менен байланышкан башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

4. Этика боюнча комиссиянын төрагасы жана анын орун басары адвокаттардын – Комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен Комиссия түзүлгөн мөөнөткө добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен шайланышат.

Этика боюнча комиссия өзүнүн курамынан төраганы жана анын орун басарын жашыруун добуш берүү менен комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынан көпчүлүк добуш менен шайлайт.

Этика боюнча комиссиянын төрагасынын же анын орун басарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, Комиссиянын мүчөлөрү аларды калган мөөнөткө кайрадан шайлашат.

5. Этика боюнча комиссиянын төрагасы:

Сканировано с CamScanner

1) келип түшкөн Кайрылууларды Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрөт;

2) Этика боюнча комиссиянын отурумдарын Мыйзамдын жана ушул Жобонун талаптарына ылайык жүргүзөт. Отурумда Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү, ошондой эле катышуучулары жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого жана төрагалык кылуучунун тескемелерин аткарууга милдеттүү;

3) Этика боюнча комиссиянын отурум залында тартип бузуучуларга карата акты түзүү жана андан ары тиешелүү органдарга кайрылуу аркылуу берилген чараларды көрөт;

4) каралып жаткан маселелер боюнча сунуштарды добуш берүүгө коёт;

5) добуш берүү жөнүндө жарыялайт жана анын натыйжаларын угузат;

6) ушул Жобого ылайык Кайрылууну кароонун мөөнөтүн эки айга чейин узартат.

6. Төрага жок учурда анын милдеттерин төраганын орун басары аткарат.

### § 2. Кайрылууларды текшерүүнү уюштуруу

7. Этика боюнча комиссияга келип түшкөн Кайрылуулар, журналга каттоого алынууга тийиш. Этика боюнча комиссиянын төрагасы Кайрылууну Этика боюнча комиссиянын мүчөсүнө – баяндамачыга бөлүп берет.

8. Кайрылууга коюлуучу талаптар:

1) Кайрылуу Этика боюнча комиссиянын аталышын, кайрылуу берүүчүнүн фамилиясын, атын атасынын атын (бар болсо) же юридикалык жактын аталышын, анын өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын, кайрылуу берүүчүнүн жашаган жерин же юридикалык жактын жайгашкан жерин, байланыш (иштеп жаткан) телефонун, Кайрылуунун маңызын, кайрылуу берүүчүнүн, анын өкүлүнүн колун жана Кайрылууга кол койгон күнүн милдеттүү көрсөтүү менен жазуу жүзүндө таризделген болууга тийиш. Эгерде кайрылууга өкүл кол койгон болсо, тиешелүү түрдө таризделген ишеним кат тиркелген болуусу абзел;

2) Кайрылуу негизделген болуусу кажет. Кайрылууга анда баяндалган жүйөөлөрдү тастыктаган документтер жана далилдер тиркелишет;

3) Финансылык дооматтар менен байланышкан Кайрылуулар, адвокат тарабынан ишеним берүүчү менен юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү макулдашууну түзүү милдетин аткарбоого тиешелүү бөлүгүндө гана каралышат.

9. Алдын-ала текшерүүнүн учурунда баяндамачы Кайрылуунун ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарга шайкештигин текшерет.

10. Көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келбеген Кайрылуу, кайрылуу берүүчүгө кайтарып берилет. Баяндамачы Кайрылууну материалдары менен

Сканировано с CamScanner

чогуу кайтарып берүү жөнүндө билдирме түзөт жана Этика боюнча комиссиянын катчысына кайрылуу берүүчүгө жөнөтүү үчүн өткөрүп берет.

11. Кайрылуу берүүчүнүн жүйөөлөрүн тастыктаган документтерди чогулткандан жана тиркегенден кийин, кайрылуу берүүчү Этика боюнча комиссияга кайрадан кайрылууга укуктуу болот.

12. Алдын-ала текшерүүнүн учурунда баяндамачы:

1) Кайрылуу Жобонун талаптарына шайкеш келбегенде, адвокат Кайрылууну берген адам менен жарашып алганда, Кайрылуу мыйзамда каралган тартипте чакырып алынганда же жокко чыгарылганда, Кайрылууну материалдары менен чогуу кайтарып берүү жөнүндө билдирме түзөт жана Этика боюнча комиссиянын катчысына Комиссиянын төрагасына кол койдуруу жана кайрылуу берүүчү менен адвокатка жөнөтүү үчүн өткөрүп берет;

2) Этика боюнча комиссия анда цензурага жатуучу же болбосо кордоочу сөздөр, адвокаттын, адвокаттык бирикменин жетекчисинин, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өмүрүнө, саламаттыгына жана мүлкүнө коркутуулар камтылган жазуу жүзүндөгү Кайрылууну, ошондой эле психоневрологиялык диспансердин эсебинде турган адамдан алынган Кайрылууну алган учурда, Кайрылууну маңызы боюнча кароосуз калтырууга жана укукту кыянат пайдалануунун жол берилгистиги жөнүндө билдирүүгө укуктуу. Баяндамачы Кайрылууну маңызы боюнча кароосуз калтыруу жөнүндө билдирме түзөт;

3) эгерде Кайрылуунун тексти үшүнүксүз, окууга мүмкүн болбогон жазма менен жазылган болсо, ал жөнүндө кайрылуу берүүчүгө билдирип, Кайрылууну аны берүүчүгө кайтарып берет. Мында кайрылуу берүүчүгө анын Этика боюнча комиссияга тийиштүү түрдө таризделген Кайрылуу менен кайрадан кайрылуу укугу түшүндүрүлөт;

4) Эгер Кайрылуу мурда Этика боюнча комиссия караган ошол эле негиздерге жана жагдайларга байланыштуу берилген болуп, Кайрылууда жаңы жүйөлөр жана жаңы жагдайлар келтирилбесе, анда ал Этика боюнча комиссиянын мурда кабыл алган чечимине шилтеме берүү менен кароосуз калтырылат.

5) эгерде Кайрылуу адвокаттык иш менен иштөө укугуна лицензияга ээ болбогон, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мүчөсү болуп саналбаган жана КР Юстиция министрлигинин мамлекеттик реестринде турбаган адамга карата келип түшкөн учурда, анда баяндамачы Кайрылууну кароосуз калтыруу жөнүндө билдирме түзөт.

6) келип түшкөн Кайрылуу боюнча материалдарды алгандан кийин Этика боюнча комисиянын кароосуна тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө же тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу жөнүндө өтүнүч киргизет.

Сканировано с CamScanner

13. Аймактык адвокатура Кайрылууну кабыл алууга укуксуз болот жана кайрылган адамга Кайрылууну түз эле Этика боюнча комиссияга жөнөтүү керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

14. Ага карата текшерүү жүргүзүлүп жаткан адвокат, Этика боюнча комиссияга машинада жазылган тексттеги жазуу жүзүндөгү түшүнүк катты, ошондой эле бардык талап кылынган материалдарды ал ага карата Кайрылуу келип түшкөнү жөнүндө билдирмени алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнү ичинде тапшырууга милдеттүү. Адвокат адвокаттык сырга шылтап, түшүнүк катты жана материалдарды берүүдөн баш тартууга укуксуз.

15. Этика боюнча комиссиянын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, саясий партиялар, коомдук бирикмелер, уюмдар жана алардын кызмат адамдары, ошондой эле айрым жарандар жана топтор тарабынан кийлигишүүгө жол берилбейт.

## § 3. Кайрылууларды кароонун тартиби жана мөөнөттөрү

16. Этика боюнча комиссияга келип түшкөн Кайрылуу келип түшкөн күнүнөн тартып бир айдан кечиктирбей каралууга тийиш. Кароонун мөөнөттөрүнүн өтүүсү иш боюнча өндүрүштү токтотуу менен бир учурда токтотулат. Өндүрүштү жаңылаган күндөн баштап мөөнөттөрдүн өтүүсү улантылат. Этика боюнча комиссия кароонун мөөнөтүн эки айга чейин узарта алат.

17. Келип түшкөн Кайрылуу Этика боюнча комиссиянын жаңы курамы түзүлгөн учурдан баштап көрсөтүлгөн мөөнөттө каралат. Кароо мөөнөтүнүн өтүүсү Этика боюнча комиссиянын жаңы курамы түзүлгөн учурда үзүлөт.

18. Кайрылууну кароо Этика боюнча комиссиянын жабык отурумунда Кайрылууну берген адамдын жеке турмушунун сырын, адвокаттык, коммерциялык сырды түзгөн маалыматтарды жана башка мыйзам менен корголгон маалыматтарды коргоо менен жүзөгө ашырылат. Тартиптик өндүрүштүн материалдарын жарыялоого жол берилбейт.

19. Этика боюнча комиссиянын отуруму Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынан жарымынан ашууну катышканда ыйгарым укуктуу деп эсептелет. Отурум зарылдыгына жараша, бирок эки жумада бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

20. Этика боюнча комиссиянын отурумдары төмөнкү учурларда: массалык ооруп калууларда (эпидемияларда), жаратылыш кырсыктарында (жер титирөөлөрдө, суу ташкындарда, бороондордо), өрттө, иш таштоолордо, согуштук аракеттерде, террористтик актыларда, диверсияларда, ташууларды чектөөлөрдө, Комиссиянын мүчөлөрүнүн катышуусу объективдүү себептер (Бишкек ш. чектеринен сыртта өргүүдө, иш сапарда болуу ж.б.) боюнча мүмкүн болбогон башка учурларда техникалык каражаттарды колдонуу менен видеоконференц-байланыш шарттамында өткөрүлө алат. Комиссиянын отурумунун протоколунда бул жөнүндө белги жасалат.

Сканировано с CamScanner

21. Этика боюнча комиссиянын отурумун Комиссиянын төрагасы жүргүзөт. Ал жок учурда отурумда төрагалык кылуучунун кызматын төраганын орун басары аткарат, ал эми орун басары жок учурда төрагалык кылуучу отурумга катышып жаткан Комиссиянын мүчөлөрүнүн добуштарынын көпчүлүгү менен шайланат.

22. Күн тартибиндеги маселелерди кароо төрагалык кылуучунун отурумду ачуусу менен башталат. Андан ары Этика боюнча комиссиянын мүчөсү – баяндамачы каралып жаткан иштин маңызын баяндайт.

23. Отурум мамлекеттик жана/же расмий тилдерде өткөрүлөт. Отурум өткөрүлүп жаткан тилди билбеген адам, Кайрылууну кароонун аныкталган мөөнөттөрүн сактоо менен өзүнүн эсебинен котормочунун кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланууга укуктуу болот.

24. Этика боюнча комиссиянын мүчөсү жеке кызыкчылыгы болгон учурда, кызыкчылыктар кагылышы пайда болгондо же тартиптик ишти кароого катышкан адамдар менен туугандык байланыштары бар болгондо өзүнө өздөрү баш тартуу келтирүүгө укуктуу.

25. Кайрылууну берүүчү же болбосо ага карата Кайрылуу келип түшкөн адвокат, Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн кимдир бирөөнө карата аны комиссиядан алып салуу жөнүндө негизделген арыз менен кайрылууга укуктуу болот.

26. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү өзүн алып салуу же алып салуу жөнүндө чечимди кеңешүү бөлмөсүндө добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алышат.

27. Кайрылууну кароонун натыйжалары боюнча Этика боюнча комиссия чечим кабыл алат. Чечим Комиссиянын отурумга катышып жаткан мүчөлөрүнүн добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат.

Кайрылууну кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимдин тыянактарына макул болбогон Комиссиянын мүчөсү, өзүнүн өзгөчө пикирин баяндоого укуктуу, ал чечимге тиркелет.

Чечимдин көчүрмөсү ага карата Кайрылуу берилген адвокатка жана кайрылууну берүүчүгө чечим кабыл алынган учурдан баштап 10 (он) жумуш күнүнөн кечиктирбей жөнөтүлөт.

28. Отурумдун протоколун Этика боюнча комиссиянын катчысы жүргүзөт. Этика боюнча комиссиянын катчысы Адвокаттар кеңешинин төрагасы тарабынан дайындалат жана бошотулат.

29. Этика боюнча комиссиянын катчысы (мындан ары текст боюнча – Катчы):

1) Этика боюнча комиссиянын иш кагаздарын жүргүзөт;

2) Кайрылууларды Адвокатуранын кирүүчү кат алышуу журналына милдеттүү түрдө каттоо жана Кайрылууга тиркелген документтердин

Сканировано с CamScanner

тизмесин текшерүү менен кабыл алат жана Этика боюнча комиссиянын журналына каттайт;

3) ага карата Кайрылуу келип түшкөн адвокатка жана кызыкдар адамдарга келип түшкөн Кайрылуу жөнүндө кабарлайт. Адвокат тарабынан түшүнүк кат Жободо каралган мөөнөттөрдө берилбегенде, Акты түзөт жана баяндамачыга өткөрүп берет;

4) Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө отурум өткөрүү жөнүндө кабарлайт;

5) тартиптик иштин материалдарын Адвокатурага сактоого тапшырат;

6) тартиптик өндүрүш боюнча электрондук база жүргүзөт;

7) Этика боюнча комиссиянын төрагасы жок болгон, документтерди тариздөөнү тездетүү, Этика боюнча комиссиянын төрагасынын жеке кол коюусуна муктаж болгон документтердин массалык топтолуусун азайтуу зарыл болгон учурларда Этика боюнча комиссиянын төрагасынын колун факсимилелик кайра өндүрүүнү анын макулдугу менен колдонууга укуктуу болот.

8) Этика боюнча комиссиянын документ жүгүртүүсү менен байланышкан башка иш-аракеттерди жүргүзөт.

30. Этика боюнча комиссиянын отурумунун протоколуна отурумга катышкан Комисиянын мүчөлөрү кол коюшат.

## § 4. Тартиптик өндүрүштү козгоо же аны козгоодон баш тартуу

31. Баяндамачынын өтүнүчү боюнча Этика боюнча комиссия тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө же болбосо тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

32. Тартиптик өндүрүш адвокаттын Мыйзамдын, Уставдын, Кодекстин, Адвокаттар кеңешинин чечимдеринин жана Филиал (аймактык адвокатура) жөнүндө жобонун талаптарын бузуусу үчүн козголо алат.

33. Тартиптик өндүрүштү козгоо үчүн негиздеме адвокат тарабынан тартиптик жорукту жасоону көрсөткөн, анын ичинде ал ишеним кат боюнча адвокаттык ишти жүзөгө ашырганда, жетишерлик маалыматтардын барлыгы болуп саналат.

34. Эгерде адвокат тарабынан тартиптик жорук жасалган күндөн баштап алты айдан ашпаган убакыт өтсө, адвокатка карата тартиптик өндүрүш козголгон боло алат жана тартиптик жоопкерчилик чаралары көрүлгөн же болбосо чара көрүү жөнүндө сунуш киргизилген боло алат.

35. Төмөнкү учурларда тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом чыгарылат, эгерде:

1) адвокат тарабынан тартиптик жорук жасалган күндөн баштап алты айдан ашуун убакыт өтсө;

Сканировано с CamScanner

2) тартиптик жоруктун белгилери жок болсо;

3) адвокаттык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу менен байланышпаган болсо.

Тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом кайрылууну берүүчүгө жана ага карата Кайрылуу берилген адвокатка жөнөтүлөт.

36. Тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө жана тартиптик өндүрүштү козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом орто арадагы жол-жоболук документ болуп саналат жана сотто даттанууга жатпайт.

**§ 5. Тартиптик өндүрүштүн жол-жобосу**

37. Тартиптик өндүрүш – бул Этика боюнча комиссиянын тартиптик жорукту жасоого айыптуу болгон адвокатты тартиптик жоопкерчиликке тартууга багытталган ишмердүүлүгү.

38. Тартиптик өндүрүш адвокатка карата Кайрылууну өз убагында, объективдүү жана адилеттүү кароону, ошондой эле кабыл алынган чечимди же эскертүүнү аткарууну камсыздоого тийиш.

39. Тартиптик өндүрүштү козгоодон кийин тартиптик иштин материалдары ишти Этика боюнча комиссия тарабынан отурумда кароого даярдоо үчүн өткөрүп берилет.

40. Тартиптик өндүрүштү Этика боюнча комиссияда кароого даярдоо учурунда баяндамачы:

1) алдын-ала текшерүүнүн жүрүшүндө чогултулган материалдарды изилдейт;

2) катчы аркылуу адвокатты ага карата тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө токтом менен тааныштырат;

3) катчы аркылуу Этика боюнча комиссиянын отурумуна ага карата тартиптик өндүрүш козголгон адвокатты да, тартиптик өндүрүшкө тиешеси бар болгон башка адамдарды да чакырат, алардан жазуу жүзүндөгү түшүнүк каттарды жана документтерди алат, алар тартиптик иштин материалдарына тиркелишет;

4) зарылдыгы болсо текшерүүнүн предметине бул башка жарандардын укуктарын бузбаган жана «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, «Коммерциялык сыр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына каршы келбеген өлчөмдө тиешелүү болгон сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн материалдары менен таанышат.

41. Иш боюнча баяндамачыны алмаштыруу баяндамачы ооруп калган, ал узак кызматтык иш сапарда жүргөн, өзүн алып салууну же алып салууну канааттандырган учурларда жана башка учурларда мүмкүн болот.

Сканировано с CamScanner

42. Ага карата тартиптик өндүрүш козголгон адвокат ооруп калган, ал өргүүдө, узак иш сапарда жүргөн, өлкөнүн чегинен чыккан учурда, тартиптик өндүрүштүн предметине тиешелүү болгон ишти конституциялык, кылмыштык, жарандык, администрациялык өндүрүш тартибинде кароо, тартиптик өндүрүш Этика боюнча комиссия тарабынан токтото туруу үчүн негиздеме болуп саналган жагдайлар четтетилгенге чейин токтотулат. Өндүрүштү жаңылаган күндөн баштап мөөнөттөрдүн өтүүсү улантылат. Этика боюнча комиссиянын тартиптик өндүрүштү токтото туруу же токтото туруудан баш тартуу жөнүндө токтому орто арадагы жол-жоболук документ болуп саналат жана сотто даттанууга жатпайт.

43. Этика боюнча комиссия баяндамачы тарабынан берилген тартиптик өндүрүштүн материалдарын отурумда карайт. Комиссиянын отуруму ага карата тартиптик өндүрүш козголгон адвокаттын катышуусу менен өткөрүлөт. Отурумга кайрылууну берүүчү жана/же анын тийиштүү түрдө таризделген ыйгарым укуктары бар өкүлү катышууга укуктуу болот. Этика боюнча комиссиянын отурумунун убактысы жана орду жөнүндө тийиштүү түрдө кабардар кылынган адвокаттын жана/же кайрылуу берүүчүнүн келбей калуусу, тартиптик ишти кароого жолтоо болбойт.

44. Ага карата тартиптик өндүрүш козголгон адвокат жана кайрылууну берүүчү алар өздөрүнүн талаптарынын жана каршы болууларынын негизинде шилтеме жасашкан жагдайларды далилдөөлөрү тийиш.

## § 6. Тартиптик жоопкерчилик чаралары

45. Адвокатка карата тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу Этика боюнча комиссиянын өзгөчө компетенциясынын предмети болуп саналат.

46. Тартиптик өндүрүштү кароонун натыйжалары боюнча Этика боюнча комиссия төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) тартиптик жорук курамы жоктугунан улам тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

2) Этика боюнча комиссияда териштирүүнүн жүрүшүндө байкалган тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөттөрүнүн өтүп кетүүсүнөн улам тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

3) кайрылуу берүүчү менен адвокаттын жарашуусунан же болбосо кайрылуу берүүчү өзүнүн адвокатка карата Кайрылуусун чакырып алганынан улам тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

4) адвокат тарабынан жасалган жоруктун мааниси аздыгынан улам адвокатка жасаган бузууну көрсөтүү менен тартиптик өндүрүштү токтотуу жөнүндө;

5) эскертүү, сөгүш берүү же иш-аракетин токтотуу же лицензиясынан ажыратуу жөнүндө Юстиция министрлигине сунуш келтирүү жөнүндө.

Сканировано с CamScanner

47. Тартиптик жазаны салганда жасалган жоруктун ордугу, аны жасоонун жагдайлары, айыптын формасы, тутумдуулугу, бир жолку эместиги, кайтангандыгы, одонолугу жана маанилүү деп табылган жана чечимди чыгарууда көңүлгө алынган башка жагдайлар эсе алынууга тийиш.

48. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиянын иштөөсүн токтотуу жөнүндө сунуш киргизүү чечими төмөнкү учурларда кабыл алынат:

1) адвокат тарабынан Адвокаттардын кесиптик этика кодексинин ченемдери бузулганда;

2) Мыйзамда каралган башка учурларда.

49. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине лицензиясынан ажыратуу жөнүндө сунуш киргизүү чечими төмөнкү учурларда кабыл алынат:

1) адвокатка карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

2) Адвокаттын кесиптик этика кодексинин ченемдерин кайталап бузганда;

3) адвокат тарабынан «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ченемдери бузулганда.

50. Этика боюнча комиссия Кайрылууда көрсөтүлгөн жоруктун чектеринен чыга албайт.

51. Эгерде мындай бириктирүү кыйла ылдам жана туура кароого алып келсе, Комиссия адвокатка карата бир нече тартиптик иштерди чогуу кароо үчүн бирөөнө бириктирүүгө укуктуу ~~болот~~.

52. Кайрылууну чакырып алууга, жокко чыгарууга, адвокаттын кайрылууну берүүчү менен жарашуусуна байланыштуу тартиптик өндүрүштү токтотууга Этика боюнча комиссия чечим кабыл алганга чейинки каалаган стадияда жол берилет.

53. Этика боюнча комиссиянын чечимине Комиссиянын отурумунда төрагалык кылуучу адам тарабынан кол коюлат жана Адвокатуранын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Этика боюнча комиссия тарабынан ишмердүүлүгүн токтотуу же лицензиясынан ажыратуу жөнүндө сунуш Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Комиссиянын төрагасынын колу менен жөнөтүлөт.

54. Чечимдеги оңдоолор кол коюудан мурун сүйлөшүп такталууга тийиш.

1) Кайрылуу боюнча чечимди жарыялагандан кийин, Комиссия аны өзү жокко чыгарууга же өзгөртүүгө укуксуз болот.

2) Комиссия өзүнүн демилгеси боюнча же адамдардын арызы боюнча чечимде жол берилген техникалык жана ачык-айкын арифметикалык каталарды оңдой алат. Оңдоолорду киргизүү жөнүндө маселеге Комиссиянын

Сканировано с CamScanner

отурумунда өзүнчө чечим чыгаруу менен уруксат кылынат. Ишке катышып жаткан адамдар, Комиссиянын отурумунун убакыты жана орду жөнүндө кабардар кылынат, бирок алардын келбей калуусу оңдоолорду киргизүү жөнүндө маселени карoo үчүн жолтоо болуп саналбайт.

3) Оңдоолорду киргизүү маселеси боюнча Комиссиянын чечими мурда маңызы боюнча чыгарылган чечимдин курамдык бөлүгү болуп саналат жана өзүнчө даттанууга жатпайт.

### § 7. Даттануу тартиби

55. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын чечими биротоло болуп саналат жана аны алган күндөн баштап бир айдын ичинде сотто даттанылган боло алат.

Этика боюнча комиссиянын чечими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте сотто даттанууга жатат.

### § 8. Башка маселелер

56. Тартиптик өндүрүштүн материалдары Этика боюнча комиссиянын архивинде беш жыл сакталышат. Ушул мөөнөттүн өтүүсү боюнча бардык материалдар Адвокаттар кеңеши тарабынан түзүлгөн курамында Адвокаттар кеңешинин үч мүчөсү жана Этика боюнча комиссиянын үч мүчөсү бар комиссиянын чечими боюнча документтерди жок кылуу актысы менен жок кылынышат. Документтерди жок кылууга чейин Этика боюнча комиссия жок кылынып жаткан мезгил ичиндеги тартиптик практиканы жалпылаштырат.

57. Ушул Жобо ал Адвокатуранын адвокаттарынын Съезди тарабынан бекитилген учурдан баштап күчүнө кирет.

Жобого өзгөртүүлөр, толуктоолор, ошондой эле анын жаңы редакциясы Адвокаттар кеңешинин сунушу боюнча Съезд тарабынан бекитилишет.

58. Ушул Жобонун ченемдери Мыйзамдын ченемдерине шайкеш келбеген учурда Мыйзамдын ченемдери колдонулушат.

Ушул Жобонун ченемдери Уставдын ченемдерине шайкеш келбеген учурда Этика боюнча комиссия ушул Жободо аныкталган тартипте ошол карама-каршылыктарды четтетүүгө карата чараларды көрөт.

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын**
**Адвокаттар кеңешинин төрайымы** **М. А. Бегилерова**

Сканировано с CamScanner